
Ачык сабактын иштелмеси.          Тарых мугалими Тентимишева Г.А.

# 5-класс.      Тарых сабагы



## Тема:

## Байыркы адамдар

Активация Windows

**Тема:** Байыркы адамдар

**Сабактын максаты:**

1.Тарых сабагынан байыркы адамдардын жашаган жерлерин, келбетин айтып бере алышат.

2.Берилген теманы өздөштүрүү үчүн суроолорду берүү даярдаган маалыматтарын башкаларга жеткиликтүү айтып берүү көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

3.Чечкиндүүлүккө, патриоттуулукка тарбияланышат.

Активация Windows

Заметки Примечания

# Байыркы адамдардын жашаган жерлери жана келбети



Байыркы адамдар жашоого ыңгайлуу аймактарды мекендеген.Алар Чыгыш Африкада, ошондой эле Европада Германия, Венгрия, Франция, Испания, Италия, Түндүк Америкада, Кытайда, Крымда, Өзбекстанда жана Ыраакы Чыгышта жашашкан. Бул аймактардан археологдор мындан эки млн. жыл мурда жашаган адамдардын баш сөөктөрүн табышкан. Алардын баш сөөгүнүн түзүлүшү азыркы адамдардын баш сөөгүнө окшош болгон. Эки буттап, түз баскан




Алар чымыр денелүү, чекеси жалпак, кабагы салыңкы көрүнгөн. Мурундары барбагай, астыңкы жаагы чоң, ээги кыска, көзү бүтүк, өңү серт, моюну жоон болгон. Сырткы келбети маймыл кебетеленип турган. Анда-санда толук эмес үн чыгарып, бири-бири менен жаңдашуу аркылуу ойлорун түшүндүрүшкөн. Алар жырткыч жаныбарлардан коргонуу үчүн топ-топ (25-40 адам) чогуу жашашкан. Бул ***адам үйүрү*** деп аталган.

## Байыркы адамдардын негизги кесиптери




- Байыркы адамдар кичинесинен чоңуна чейин эртеден кечке терип-жыйноочулук менен алектенишкен. Алар жегенге жараган жер – жемиштерди жана өсүмдүктөрдүн тамырларын жыйнашкан. Канаттуу куштардын жумурткаларын чогултушкан. Байыркы адамдар биргелешип аңчылыкка чогуу чыгышкан. Алар антилопаларга, жапайы букаларга, жапайы жылкыларга, кээде пилге, камандарга, зубр, аюу, жолборсторго, эчки-текелерге аң уулашып, этти чийки жешкен.

- Алар жапайы айбандарды көргөндө кулак тундура кыйкырып, союл менен айбат кылышып, таш баранга алышкан. Кээде жапайы адамдарды үркүтүп жарга такашкан, же атайын казылган орго түшүрүшкөн. Ошентип байыркы адамдардын кесиби жыйноочулук жана аңчылык болгон. Аңчылык маанилүү кесипке айланган. Адамдар ошентип куралдарга муктаж боло баштаган. Алар таштан эң жөнөкөй кескичтерди, кыргычтарды, учтуу көзөгүчтөрдү жана миздүү бычактарды жасашкан.



Активация Windows

Заметки Примечания



- Аңчылык учурунда таш куралдарын эт кесүү жана бөлүштүрүү, терисин кырып тазалоо үчүн колдонушкан. Байыркы адамдар таш куралдардан сырккары сөөктөн жасалган эмгек куралдарын, союлдарды да пайдаланышкан. Байыркы адамдардын таш куралдарын колдонушу адамзат тарыхында таш доорунун башталышына алып келген.

Активация Windows

Заметки Примечания


ТАШ ДООРУ

Байыркы таш доору (палеолит)

Ортоңку таш доору (мезолит)

Жаңы таш доору (неолит)


Ошентип адамдар бара-бара от жакканды үйрөнүшкөн. Бир кезде чагылгандан түшкөн от тутанып, токойлор өрттөнүп, андагы майда жандыктардын күйүп калгандарын жеп көрүшкөн. Ошентип от адамдарга кызмат кыла баштаган. Кантип? От караңгыны жарык кылып, адамдарга жылуулук берип, түнкүсүн жырткыч адамдардан коргогон. Отту пайдаланганга чейин адамдар этти чийки жешсе, эми чоктун табына кактап чала бышырып жегенди үйрөнүшкөн.



Активация Windows

Заметки Примечания

# Уруу жамааттары



Бара-бара байыркы адамдар Европа жана Азия аймактарына жыла башташкан. Миллиондогон жылдардын өтүшү менен климат өзгөрүлүп, жер бетин муз каптаган. Таш доорунун акыркы этаптарында азыркы типтеги адамдар калыптанган. Адамдардын сырткы кебетеси өзгөрүп, баш сөөгү азыркы түзүлүшкө жакындаган.Алардын жаактары, ооз көңдөйү сүйлөөгө ылайыкташкан.Мээсинин көлөмү чоңоюп, денеси чымыр, колдору ийкемдүү келип, түз баскан.

Эми алар мурдагыдай жыйноочулук, аңчылык менен эле чектелбестен, жашоо үчүн өздөрүнө керектүү азык-түлүк, тамак-аш камдай башташкан. Аң-терилерден кийим-кече даярдашкан. Сөөктөн ийне жана темене жасашып, терилерден кийим тигишкен. Үңкүрлөрдө жашашкан. Үңкүр жок жерде жер-төлөөлөрдү казып, шырык, сөөк менен алачыктарды жасаганды үйрөнүшкөн.

Чоң-чоң балыктарды уулоо, сайып кармоо үчүн сөөктөн шиштерди ойлоп таап жасашкан. Кайык жасашып, балыкты тор менен кармай башташкан. Таштан жасалган куралдар өркүндөтүлгөн. Алардын ичинен кесүүгө, саюга ыңгайлуу болгон жалпак таштар маанилүү болгон. Узун жана бышык таяктын учуна миздүү ташты кайыш менен чырмап байлап, найза жасашкан. Ошондой эле таштан жасалган балталарды колдонушкан. Чоподон идиштерди жасашкан.

Байыркы адамдар жаа менен жебени ойлоп табышкан. Эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн натыйжасында эркектер балык кармап, аң уулаган. Аялдар мөмө-жемиш чогултушкан.

Активация Windows

Заметки Примечания

## Коомдук мамилелер

Эмгек куралдары өркүндөдү. Натыйжада алгачкы адам үйүрү энеге негизделген уруу жамаатына айланды. Бул эне бийлигинин коому – ***матриархат*** деп аталат. Бул мезгилде туугандык байланыш эне жагынан эсептелген. Энелик уруу мезгили таш доорунун акыркы мезгилин камтыган. Байыркы көрүстөндөрдөн аялдардын статуэткалары көбүрөө табылган. Бул Эне кудайы жөнүндөгү түшүнүктөн жана матриархат доорундагы энелердин ээлеген ордунун жогору болгондугун далилдейт. Ошол доордо эне кудай коргоочу катары эсептелген.

Таш доорунун акыркы этаптарында аска беттеринде жана үңкүрлөрдө тартылган сүрөттөр, диний ишенимдер пайда болгон. Кой, уй, жылкы сыяктуу айбандарды колго үйрөтүлө баштаган. Эмгек куралдары жез, коло сыяктуу металлдардан жасала баштаган. Коомдо аялдарга караганда эркектердин ролу тездик менен жогорулаган. Аялдын коомдогу жана чарбадагы ролу төмөндөгөн. Аталык уруулук түзүлүш – ***патриархат*** энелик доорду (матриархат) алмаштырган.

Активация Windows

## Бышыктоо үчүн суроолор

1. Эмне үчүн байыркы адамдар үйүр-үйүр болуп жашашкан?
2. Байыркы адамдар эмне менен кесиптенишкен?
3. Энелік уруулук коом деген эмне?
4. Эмне үчүн энелік уруулук коом аталык уруулук коом менен алмаштырылган?
5. Таш доору канчага бөлүнөт?
6. Адамдар от жакканды кантип үйрөнүшкөн?
7. Байыркы адамдар кандай турак-жайларда жашашкан?
8. Кайсы жаныбарларды колго үйрөтүшкөн?

Активация Windows